**ТӨЛӨЙКӨН ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**ТОЛОЙКОНСКАЯ ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Ж.Аматов к. 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Ж.Аматова 2
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын отурумунун**

**№18-1 Чечими**

2021-жылдын 10-декабры — Кара-Суу шаары

Кара-Суу АШКнын төрагасы – Мойдунов Т.,

Кара-Суу АШКнын катчысы – Абдраимова Э.

Мүчөлөрү: Карабаев Т., Минбаева Г., Кубатбек у А., Аттокуров М., Кайратбекова А., Сатвалдиев Б., Абдуллаева Н., Кирдибаева З.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн 2021-жылдын 28-ноябрындагы жөнөтүлгөн №32/3-9637 материалын кароо.

1-маселе: Угулду: Төлөйкөн ОШКнын төрагасы Т.Мойдунов: 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн тергөө кызматынын №32/3-9637 каты менен Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодексинин 46-беренесинин негизинде кароо үчүн материал келип түшкөн. Аталган материалда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №8 Төлөйкөн шайлоо округунан талапкер Ш.Атазовдун штаб башчысы М.Чыңгараев 2021-жылдын 27-28-ноябрь күндөрү "Фейсбук" жана "Ютуб" соц.тармактары аркылуу Илимбек Исраилов жана "Оймо-Медиа" баракчаларында "Н.Алимбековдун штаб башчысы акча таратып жаткан жеринде кармалды" - деп жалган маалымат таратканды көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, материалда М.Чыңгараевдин түшүндүрмөсү жок экендигин эске алып, М.Чыңгараевге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн жана эскертүү берилсин деген сунуш добушка койулду.

**Макул - 10,** **Каршы – жок.**

Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясы өз ара талкуулап

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №8 Төлөйкөн шайлоо округунан талапкер Ш.Атазовдун штаб башчысы М.Чыңгараевге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн жана эскертүү берилсин.
2. Чечимди аткаруу жагы Төлөйкөн ОШКнын катчысы Э.Абдраимовага милдеттендирилсин.

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** — **Мойдунов Т.**

**Төлөйкөн округдук шайлоо комиссиясынын катчысы** — **Абдраимова Э.**

Сканировано с CamScanner